УДК 371.

Куланбаев Н.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫ ОКУТУУДА ОЮН ТРЕНИНГДИН МААНИСИ

*Макалада башталгыч класстын окуучуларын окутууда оюн тренингдерди колдонуунун ролу жөнүндө маалымат берилип, башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы адистигинде окуп жаткан студенттерге арналат.*

Азыркы кездеги мектептердин эӯ орчундуу проблемаларынын бири болуп окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун жогорулатуу эсептелет. Класстан класска көчүүдө окуучулардын барган сайын окууга болгон кызыгуусунун басаӯдашын же тескерисинче, күчөшүн байкоого болот. Мунун себебинде окутуунун методдорун жана формаларын, окуучунун окууга болгон оӯ мотивациясын туура түзө албастыгы, о.э. окутуу-тарбиялоо иштери салттуу көрүнүшкө айланышында деген жыйынтыкка келүүгө болот. Ошондуктан окуучулардын өз алдынча активдүү ишмердүүлүгү педагогикалык процесстин мүнөзүнөн, педагог менен окуучунун ортосундагы пикирлешүүнүн стилинен, окуу материалын жана окуучулардын окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштуруунун ыкмаларына көзкаранды.

Окутуу – тарбиялоо процессинин мазмунун, формаларын жана методдорун максаттуу тандоо жолу аркасында окуучулардын өнүгүүсүн ийгиликтүү башкарууга мүмкүн экендигин эксперименталдуу окутуунун ар кандай багыттарындагы фундаменталдуу психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр түзөт. В.А.Сухомлинский, Ш.А.Амонашвилинин педагогикалык ишмерүүлүгү, көптөгөн педагогдордун чыгармачылык изденүүлөрү, макаланын теориялык булагы катарында пайдаланылып, анын негизинде башталгыч класстарда жаӯы технологиялардын ичинен окутуу – тарбиялоо процессинде оюн-тренингдерди колдонуунун идеясы жаралды.

Баланын мектепке, окууга болгон оӯ мамилеси окутуу-тарбиялоо процессинде калыптанат. Педагог окуучунун тарбиялоочусу катары бала мектепке киргенге чейин эмес, мектеп босогосун аттап киргенден башталат. Баланын бул процесске аралашуусу жана андан жашоонун маӯызын табуусу эки негизги шарттан көзкаранды:

Биринчи шарт – мектеп босогосун аттаган бала буга чейин топтогон турмуш тажрыйбасы, кызыкчылыктары, муктаждыктары, мүдөөлөрү, жөндөмү, шыгы ж.б. сапаттары менен келип, ал мектептен билимдер, билгичтиктер үчүн гана эмес жаӯы мамилелер, дүйнө тааным кызыкчылыгын, муктаждык мүдөөлөрүн канагаттандыруу үчүн да келет. Бул учурда педагогдун гуманисттик позициясы бала кандай гана калыпта болбосун, аны менен жашоо жолун бирге улантуучу болуусунда. Бул позицияда педагог ар бир окуучуну тереӯ ынануу менен аларды алдыга коюлган максатына ылайык дүйнөнү таанууга багыттоосу зарыл.

Окуучунун окутуу-тарбиялоо процессинде туура мамилесинин калыптанышынын экинчи шарты – сабакты турмуш менен тыгыз байланыштыруу. Себеби эртеӯки күндө зарыл болгон турмуш тажрыйбасында керектүү билгичтиктерди бүгүн калыптандыруу абзел.

Жогорудагы аталган эки шарт, же б.а. биздин чечүүчү маселени оптималдуу ишке ашыруунун жолу башталгыч класстардын окутуу-тарбиялоо процессинде оюн -тренингдерди колдонууда сакталат.

Жаӯы технологиялардын негизинде башталгыч мектептин окутуу-тарбиялоо процессин өнүктүрүүдө оюн-тренингдерди ордун жана маанисин

ачып көрсөтүүнү жана аны колдонуунун илимий негиздерин иштеп чыгуу, биздин астыга койгон максат.

Тренинг окутуу жана тарбиялоонун методу катары педагогика илиминдеги изилдөө стадиясында, бирок ошого карабастан мугалимдер тренингдерди өзүнүн профессионалдык ишмердүүлүгүндө окутуу-тарбиялоонун максаттарына жараша пайдаланышууда. Традициялык методдордон айырмаланып, тренинг, биринчи иретте өнүгүп келе жаткан инсандын коммуникативдик, перспективдүү сапаттарын жана инсан аралык мамилелерди туура уюштура билүүнү көздөйт. Тренинг бир катар тарбиялык маселелери чечүү менен бирге окуу материалын балдарга кызыктуу жана жеткиликтүү формада берүүгө шарт түзөт.

Тренингдин жүрүшүндө окуучулар ортосунда бири-бири менен активдүү билим, билгичтиктерди алмашуусу жүрөт. Бул болсо алардын жекече билим казынасын кеӳейтет, оптималдуу жүрүш-туруштун ыкмаларына ээ кылат.

Тренингдеги кырдаалдар эмоционалдык жактан өтө бай келип, окууга болгон мотивацияны жогорулатат, билимдерди бышыктоону күчөтөт, керектүү ыкмаларды жана билгичтиктерди калыптандырат.

Тренинг билимдерди өз алдынча жана катышуучулардын жардамы аркасында алууну, о.э. активдүү түрдө билимдерди издөөнү көздөп, окуучулар эч убакта пассивдүү позицияда болушпайт.

Кенже окуучулардын психологиялык–педагогикалык мүнөздөмөсүнө ылайыктуу тренингдерди оюндар менен кенен каныктырып, ошол эле учурда окуу материалындагы маселелердин туура каралгандыгына байланыштуу.

Маалымат технологиялардын доору азыркы мезгилдин билим берүү стратегияларынын тез-тез өнүгүп жана алмашып туруусун жол ачууда. Педагогдор өз алдынча окутуунун философиясын тандоо менен бирге практиалык маселелерди чечүү эркиндигине ээ болушту.

«Бириндеген фактыларга» окутуудан – болуп жаткан окуялардын маӳызын түшүнүү, топтолгон билимдерди турмушта пайдалана билүүгө багыт алуу байкалууда. Мунун өзү балдарды окутууда активдүү методдорду колдонууга түрткү берет.

Активдүү методдор окуучуларга педагог тарабынан көзөмөлдөөчү, активдүү пикирлешүүгө тартынбай катышууга, өзүнүн ички дүйнөсүн ачууга жана башкалар менен эффективүү өз ара аракеттенүүгө көмөктөшөт. Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча үйрөнүп жаткан билимдердин прикладдык-практикалык мааниси окуучуларга канчалык түшүнүктүү болсо, ошночолук алар балага да кызыктуу карашат. Мындай жагдайга караганда окутуунун мазмуну, формасы жана методдору комплекстүү маселелерди чечүүгө арналышы керек, б.а. мугалим өзүнө гана жакшы, түшүнүктүү болгон окуу маселелерин ишке ашырбастан, ошол теорияны окутуучу комплекске айландырышы керек. Окуу материалды жеткиликтүү кылып түшүндүрүү бул өзүнчө маселе.

Азыркы мезгилде тренинг термини ар кандай теоретикалык принциптерге негизделген бир катар методдорду белгилөө үчүн пайдаланылат.

Тренингдерди классификациялоонун бирдиктүү системасы жок, көбүнчө пикирлешүү тренинги, өзүн-өзү өнүктүрүү жана жеңгө салуу тренингдерди, окутуучу тренингдер деп бөлүнөт.

Окутуучу тренгиндер пикирлешүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатын көздөгөн методдордун жыйындысын камтышат. Мындай тренингдердин программасын талапка жараша өзгөртүп, коммуникативдик жөндөмдөн сырткары белгилүү бир билимдердин системасын калыптандырууга арналгандай кылып түзүлөт.

Тренингдердин ар түрдүүлүгүнө карабастан жана алардын теоретикалык негиздеринин ар кандай болушуна байланышпастан, төмөнкү негизги ыкмалар же процедураларды көрсөтүү болот: ролдуу оюндар, группалык дискуссиялар, вербалдык эмес коммуникациянын көнүгүүлөрү, акыл чабуулу жана башкалар.

Педагогика жана психология дүйнөсүндө тренингдердин мааниси күндөн-күнгө жогорулап келе жатат. Себеби анын эффективдүүлүгү (окутуунун башка жолдоруна караганда) практика жүзүндө далилденүүдө. Окуу процесси – бул окуу предметтеринин жыйындысы гана болбостон, окутуу, өнүгүү жана тарбиялоо функцияларынын ар бир дисциплинаны үйрөнүү процессиндеги биримдиги болуп саналат. Тренинг инсандын калыптанышынын универсалдуу каражаты катары кызмат өтөй алат.

Демек, тренинг окуу-тарбия процессинин негизги максатын ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандырууну ишке ашыруунун оптималдуу каражаттарынын бири боло алат.

Окутуу процессиндеги функцияларды карап көрөлү.

- Тарбиялык функция – турмуштук кырдаалдардын оюн моделдерине инсандык сапаттардын психокореакциясы.

- Өнүктүрүүчү функция - инсандын резервдик мүмкүнчүлүгүн активдештирүү үчүн анын сапаттарын гармониялуу түрдө өнүктүрүү.

- Коммуникативдик функция – окуучуларды коллективге бирдиктүү жана эмоционалдуу контакттарды уюштуруу.

- Реиксатциялык функция – интенсивдүү окуутууда нерв системасына келтирилген оордукту жана эмоционалдык чыгарууну басаўдатуу.

- Көўүл ачуу функциясы – сабакта жагымдуу атмосфераны пайда кылуу, аны эриктирүүчү иш чарадан кызыктуу жагдайга айландыруу.

- Психотехникалык функция – өзүнүн физиологиялык абалын эффективдүү ишмердүүлүктү аткарууга даярдоо үчүн ыкмаларды калыптандыруу, чоў көлөмдөгү маалыматтарды калыптандыруу үчүн психиканы камдоо.

Албетте, тренингдердин мындай көп функционалдуу болушу аларды окутуунун активдүү методдорунун арасынан өзүнчө бөлүп турат. Анын аталган өзгөчөлүктөрүн, жогоруда саналып кеткен функциялары башталгыч класстардын окуучуларын окутууда бир катар артыкчылыктарды берет.

Биринчиден, бала мектеп босогосун аттагандан баштап окуучунун милдетин аткара баштайт. Алдыўкы ишмердүүлүк болуп окуу алдына чыгат. Бирок, оюн баланын жашоо турмушунда башкы ролду ээлейт. Айрым окуучулар мектепте окууну кандайдыр бир жаўы оюн катары кабыл алышат. Мындай ички позициянын эки жагы бар. Алгач мектеп турмушунун жаўылыгы, кызыктуу жүрүм-турум нормаларын тезирээк түшүнүп, кабыл алышына шарт түзөт.

Экинчи жагын алсак, балдардын аталган өзгөчөлүктөрүн эске алуу окуу-тарбия процессин куруунун эў маанилүү шарты. Башкача айтканда, окутууну оюн формасында кызыктуу кылып жүргүзүү керек. Буга А.С.Макаренко айткандай: «Балада оюнга карата чоў муктаждык бар, аны сөзсүз түрдө канагаттандыруу керек. Ага жөн гана ойноо үчүн убакыт бербестен, анын бүткүл жашоо турмушун ошол оюн менен сиўирүү керек. Анын бүткүл жашоосуна бул оюн себеп болот».

Балдардын оюнга болгон кызыгуусун К.Д.Ушинский абдан кадырлоо менен түшүндүрөт: «Оюн бала үчүн жашоо, турмуш, болгонда да чындыка караганда кызыктуу турмуш. Эмнеге кызыктуу дегенде, анткени ал бала үчүн түшүнүктүү, эмнеге түшүнүктүү десек, себеби ал анын өзүнүн чыгармачылыгы. Реалдуу чындыкта бала болсо, оюнда ал өзүнчө чечим кабыл ала тургудай чоўоюп бара жаткан адам».

Бул көзкараш айтылганына бир кылымдан ашык убакыт өтсө да, ал азыркы турмуштагы жана психикалык өнүгүүдөгү ээлеген орду так аныкталды.

Демек, окуучулардын нормалдуу өнүгүүсү үчүн алардын оюнга болгон кызыгуусун чектөөгө болбойт.

Ошондуктан, башталгыч класстагы окуучуларды окутууда тренингдерди кеңири колдонуу, биринчиден, балдардын оюнга болгон муктаждыгын канагаттандырса, экинчиден эмоционалдуулугун арттырат, үчүнчүдөн оюн менен окуунун ортосундагы кескин түрдөгү контраст жашырылат. Сабак-тренингде балдардын кызыгуусун курчута турган аракеттерди белгилеп кетсек, аны мектеп практикасында пайдалануунун дагы бир позитивдүү жагы ачылат. Ю.Геронилус өзүнүн эмгегинде төмөнкү факторлорду санап кеткен:

- Оюн (тренинг) процессинде өнөктөр менен байланышуудан алынган ырахат.
- Өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ойноочуларга көрсөтүү аркылуу ырахат алуу.
- Татаал жана көбүнчө белгисиз кырдаалдарда тезинен чечим кабыл алуу керектиги.
- Оюнда жеңишке жетишүүдөн ыраазы болуу.
- Эгерде тренингде ролдуу оюн ойнолсо, ошол ролдорду аткаруудан ырахаттануу.

Ошентип, тренингдеги оюндар организмдин сырткы чөйрөдөн маалымат алып туруу биологиялык муктаждыгын камсыз кылуу менен бирге күнүмдүк сабактардагы муктаждуулукту компенсациялайт.

Тренинг формасында сабакты уюштурууда мугалим кенже окуучуларда чыгармачыл ойлонууну өнүктүрөт. Себеби: ар бир тренингдин тапшырмасын чыгармачыл мамиле жасап аткарууну талап кылат. Башкача айтканда, оюн тапшырмаларды чыгармачылыкка үйрөтөт.

1. Өз алдынча ойлонууну өздөштүрүү.
2. Ачык коомдук маанидеги маселелерди чечүүдө туура ыкмаларды табуу.
3. Жалпы маселени чечүү үчүн ойлонуунун тайпалык методдорун иштеп чыгуу.
4. Стадарттуу методдорун стандарттык эмес жолдору менен таап чыгуу.
5. Өз алдынча иштөө процессинде өз алдынча жыйынтыкка келүү мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу.

Тренинг сабактарында «ачык система» принцибинде эмгектенүүгө туура келет. Башкача айтканда, ички тоскоолдуктарды жеңүүгө өзүнчө жана башкаларга жардам берүү менен аракеттенүү керек. Ошондуктан, ар бир кенже окуучу өзүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн чечип, так аныктап, кереги жок амбицияларын четке кагышы зарыл. Бирок бул чектерди аныктоо менен гана токтолуп калбастан, аны ички ресурстарды моблизациалоо аркылуу кеңейтүүнүн да жолдорун издөөнү стимулдаштыруу керек.

Тренингдин жүрүшүндө кенже окуучуларда кандайдыр бир кысынуу, коркуу же кооптонуу сезимдери жоголуп, бала өзүнө көнүмүш болуп калган шарттарга жакындашкан кырдаалга туш болот. Мисалы бул жерде төмөнкү «Бакчынын жолу», «Күзгү токой», «Төөлөрдү бөлүштүрүү» деген оюндарды киргизсек болот.

Окуучу бала өзүн сезип, өзүн-өзү баалоосу жогорулайт. Көпчүлүк учурда тренинг балдардын аң сезиминин аналитикалык жөндөмүн өнүктүрөт. Себеби аны өткөзүүдө акыл табууну дискуссия, группалык изилдөө методдору ой жүгүртүүнүн ар кандай, анын ичинде аналитика-синтетикалык функцияларын өрчүтүүгө көмөктөшөт. Бул өтө маанилүү, аткени окуу -

ишмердіїліктї ой жїгїртїїнїн анализ жана синтез логикалык операциясынын єнїгїшї аркылуу ийигиликтїї жїрїшї мїмкїн эмес.

АДАБИЯТТАР


1. Мори Ван Менте .Эффективный тренинг с помощью ролевых игр. -Санкт-Петербург: Изд. Питер, 2001.
2. Мамина школа. Игра в школе. -Москва: Изд .АСТ. 2000.
3. Калугин М.А. Развивающие игры для младших школьников. -Ярославль: Академия развития, 1997.
4. Кавтарадзе Д.Н. Обучение и игра. -Москва: Флинга, 1998.